УДК: 91(07)

Джунушалиева К.К.
*Кыргыз билим берүү академиясы,*
*кафедра башчысы*
Аттокурова С.К.
*Ат-Башы району, Жанаалы уулу А. ат.*
*орто мектептин география мугалими*

# МЕКТЕПТЕ ГЕОГРАФИЯ САБАГЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДАГЫ ТАБИЯТТЫН МУРАСТАРЫН ОКУТУУ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫ МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛОО

*Учурда дүйнөдө ааламдашуу процессинин мезгилинде дүйнөдөгү ар бир этнос, улут өзүнө тиешелүү болгон уникалдуу өзгөчөлүктөрүн, улуттук маданиятын, каада-салтын жоготпой жер жүзүндө сактап калуу зарылдыгы келип чыгууда. Мындай учурда өсүп келе жаткан жаш муундарга керектүү болгон адамзаттын балуулуктарынын негизгиси болгон өз жерине мекенчилдик мамилеге тарбиялоо болуп эсептелет. Анткени ар бир адам өзү жашап жаткан улутунун, элинин, табиятынын уникалдуулугун таануу аркылуу гана ал өз жери, Ата-мекени менен сыймыктанууга, коргоого, ага аярдык менен мамиле кылуу аркылуу бүткүл адамзаттык дөөлөттөрдү барктоого жете алат. Ал эми өсүп келе жаткан жаш муундарга жогорудагы айтылган өз жерине мекенчилдик мамиле мектепте билим берүү процессинде калыптанат. Ушундай маселелерди камтуу менен бирге биз бул макалада мектепте географияны окутууда адамзаттын баалуулуктарынын негизгиси болгон табигый мурастарды окутуу аркылуу окуучулардын өз жеринин табиятына болгон патриоттук сезимдерин өнүктүрүү маселелери каралган.*

***Негизги сёздёр:*** *табигый мурастар, мекенчилдикке тарбиялоо, баалуулук, адамзаттын дөөлөттөрү, географиялык маданият.*

*В настоящее время активно проходят процессы динамичного развития и глобализации мира, на фоне которых возрастает актуальность сохранения уникальных особенностей, культур, обычаев и традиций национальностей и этносов мира, а также преемственности поколений.*

*Уважение и бережное отношение человеком к человеческим ценностям и мировой культуре достигаются через познание истории, уникальных особенностей и природы местности проживания своей нации, а также патриотического и бережного отношения к своей Родине.*

*Выше указанные чувства прививаются подрастающему поколению во время становления личности в процессе обучения учащихся в средних учебных заведениях. В данной статье рассматриваются вопросы воспитания и привития человеческих ценностей и патриотических чувств учащихся к своей земле через изучение природного наследия Кыргызской Республики в курсе школьной географии.*

***Ключевые слова:*** *природное наследие, патриотическое воспитание, ценность, ценности человечество, географическая культура.*

*Currently, there are processes of dynamic development and globalization of the world, which increas the urgency of preserving the unique characteristics, cultures, customs and traditions of the nations and nationalities of the world.*

*Respect for a person, human values and world culture is achieved through knowledge of history and unique features of the terrain and the nature, as well as patriotic and respect for their homeland. These feelings are imparted to the younger generation at the time of formation of the person in the learning process of students in secondary schools.*

*This article deals with the education and inculcation of human values and the patriotic feelings of students to their land through the study of the natural heritage of the Kyrgyz Republic in the course of a school geography.*

***Key words:*** *natural heritage, patriotic education, value, values are humanity, geographical culture.*

Учурда дүйнөдө ааламдашуу процесси жүрүп жаткан мезгилде анда жашаган элдер, улуттар өзүнүн улут катары уникалдуу өзгөчөлүктөрүн, улуттук маданиятын, каада-салтын жоготпой жер жүзүндө сактап калуу процесстери жүрүп жатканы баарыбызга белгилүү. Бул

процесстерде эң негизги роль мектепте жана жогорку окуу жайларда өсүп келе жаткан жаш муундарга билим берүү, тарбиялоо аркылуу ар бир улуттун, элдин каада-салтын, маданиятын, табиятынын Жер планетасындагы ордун, маанисин, уникалдуулугун таанытуу негизги мааниге ээ. Анткени ар бир адам өзү жашап жаткан улутунун, элинин, табиятынын уникалдуулугун таануу аркылуу гана ал өз жери, Ата мекени менен сыймыктанууга, коргоого, ага аярдык менен мамиле кылуу аркылуу бүткүл адамзаттык дөөлөттөрдү барктоого жете алат. Бул жөнүндө филология илимдеринин доктору, профессор С.О.Байгазиев “Азыркы шарттардагы таалим-тарбиянын максаты жана мазмуну жөнүндө” аталыштагы илимий макаласында учурдагы глобалдашуу процессинин элдик менталитетке тийгизген оң жана терс таасирлерин талдап келип жана улуттук дөөлөттөрдүн ичинен “Кыргыздын ыйык дөөлөтү – Ата-Мекен, Ала-Тоо” деп белгилөө менен бирге төмөндөгүдөй ойду айткан: “Кыргызстандын элине эмес, биринчи кезекте, географиясына, кен байлыктарына кызыккан, койнунда котур ташы бар эл аралык геосаясий күчтөр, глобалдашуунун жергиликтүү спецификаны оп тартып жутуп коюучу кубаттуулуктары, электрондук маалымат каналдары, батыштык массалык маданияттын арзан стандарттары, демократияга жамынган ар кандай диндик миссионерлер СССР доорунда маңкуртчулук илдетине, “сверхинтернационализм” оорусуна чалдыккан “Общий домго” эч тоскоолдуксуз кирип, карызга баткан жакыр өлкөнүн алсыздыгынан пайдаланып, тоскоолдукка, каршылыкка учурабай, көзөмөлсүз ээн-эркин өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүүдө” [1]. Мына ушундай шартта Кыргыз Республикасынын ар бир жараны өз  эли жана жери менен сыймыктанган, намыстуу инсан катары коомдо жаратмандык иш-аракеттерди жасоо менен бирге Жерин, табиятын, элин ыйык тутуу ар бирибиздин ыйык милдетибиз экенин унутпашыбыз керек. Ал эми жогорку жана жалпы билим берүү системасындагы учурда анча маани берилбей жаткан “Патриоттук тарбиялоо” маселелерин кайрадан жандандыруу учурдун чакырыгы жана талабы болуусу зарыл. Патриоттук тарбиялоо, баарыбызга эле белгилүү болгондой, өсүп келе муундарда өзүнүн Ата мекенине болгон сүйүүнү калыптандыруу. Ал эми “Орус тилинин сөздүгүндө” патриотизм адамдын өз элине, жерине болгон берилгендик деп аныктама берилген  [2]. Патриоттук тарбиялоо – бул коомчулуктун, мамлекеттик органдардын, мектептин, кандайдыр бир коллективдин, ата-энелердин, жарандардын Ата мекендин алдында милдеттүү түрдө берилгендик менен кызмат кылууга жана аң-сезимдерин патриоттуулукка багытталган үзгүлтүксүз иш чаралары болуп эсептелет. Патриоттулукка тарбиялоо иштери мазмуну жагынан ар кырдуу, ар кандай жолдор (сабакта жана сабактан тышкаркы окуу иштеринде) менен ишке ашырылат. Мисалы: граждандык-патриоттук же аскер-патриоттук, табияттын сулуулугун таанып-билүү, өзү жашаган жердин табиятын, элин, жерин коргоо жана сактоо ж.б. Биз бул макаланын алкагында мектепте география предметиндеги Кыргыз Республикасынын табигый мурастарын окутуу аркылуу окуучулардын Кыргызстанга болгон патриоттук сезимдерин калыптандыруу маселелери менен чектелебиз.

1972-жылы ЮНЕСКО дүйнөлүк маданий жана табигый мурастарды коргоо максатында Конвенция кабыл алган. Конвенциянын алкагында ЮНЕСКОнун курамына киргизүү боюнча  атайын эл аралык критерийлер кабыл алынып, тизмектелип берилген. Документте “Табигый мурастарга табигый мейкиндик же объект табигый коздугу, сулуулугу, маанилүүлүгү, тарыхый, геологиялык ж.б. өсүп-өнүгүү этаптарында өзгөчөлүккө ээ жана андагы табигый ар түрдүүлүктөр сейрек кездешүүчү деңгээлде коргоону талап кылган  объектилер” деп аталган. Ал эми окумуштуу М.Е Кулешовдун аныктамасы боюнча “Мурас – бул, биринчи кезекте, келечектеги муундарга коомчулук тараптан кабыл алынган табигый жана маданий баалуулуктардын системасы. Табигый мурас – бул Жер планетасынын биологиялык жана ландшафттык курамын өз ичине камтыган адам тараптан өздөштүрүлгөн жана энчиленип алынган табигый каптал” [3].

Демек, табигый мурас − бул Кыргызстандын табиятынын сулуулугу, кайталангыс табигый ресурстары, анын дүйнөлүк масштабда ээлеген аймагы боюнча Жер

планетасындагы экологиялык приоритеттүү 200 (0,13% дүйнөдөгү кургактыктын үлүшүнөн) аймактардын ичине киргендиги менен сыймыктанууга жана мактанууга болот. Кыргызстандын Жер шарындагы мындай орду дүйнөдөгү биологиялык ар түрдүүлүктүн 2% ке өсүмдүктөрү жана 3% ке жакын жаныбарлар дүйнөсү топтолгону менен түшүндүрүлөт. Кыргыз Республикасынын жалпы аянтынын 94% тоо аймактары түзүп, анын табиятынын ар кырдуулугун, сулуулугун берет. Рио-де-Жанейродо өткөн бүткүл дүйнөлүк форумда (1992 ж.) тоо аймактары Жер планетасынын негизги экосистемалары катары аныкталган. Анткени тоолор суунун, энергиянын жана биологиялык ар түрдүүлүктүн булагы болуп эсептелүү менен бирге, жер жүзүндөгү адамзаттын тиричилиги үчүн зарыл системасы катары түшүнүбүз зарыл. Бириккен улуттар уюмунун (ББУ) берген баасы боюнча тоо системалары жер планетасынын болжол менен 20% ээлеп, дүйнөлүк калктын 10% ке жакынын жашаган калкын зарыл болгон ресурстар менен камсыз кылат.

Республиканын табиятынын табигый деңгээлин туруктуу сактоо максатында мамлекет тараптан үзгүлтүксүз коргоо иштери жүргүзүлүп турат. Мындай коргоо иштерине байланыштуу республиканын жалпы аянтынын (198,5 миң чарчы км) 1 200,9 миң га же 6% ке жакын коргоого алынган табигый аймактар. Бул аймактардын ичинен Өзгөчө коргоого алынган аймактардын бүгүнкү күндө Кыргызстанда 83 кө жетип, республиканын аянтынын 3% ээлейт. Мындан сырткары, 10 мамлекеттик корук (591,1 миң га), 9 мамлекеттик табигый парк (304,5 миң га), 10 токой, 23 ботаникалык, 19 геологиялык, 2 комплекстүү жана 14 зоологиялык (аңчылык кылуу) жалпы 301,4 миң га аймакты ээлейт жана 22 экосистема, ар түрдүү 160 тоолуу, түздүктүү ландашафт өзүнчө бөлүнүп каралган. Бул цифралар коомдун адамдардын табиятка аяр мамилесин күчөтүүнүн кандайдыр бир жолун табууга аракеттенген иш-аракеттер катары баалоо дегендикке жатат. География илимдеринин доктору, профессор Э.Ж.Шүкүровдун "Жаратылыштын маданиятыбызда кайрадан шериктеш катары жаралуусу, жаратылыш түркүндүүлүгүнүн толук көлөмдө жаралуусу менен урпактарыбыздын келечектеги бейкутчулугун камсыз кылат" [4] деген таамай айтылган сөзү табияттын мурастарына адамзаттын аяр мамиле жасоо маселелери бүгүнкү күндүн талабы экенин аныктап турат. Анткени адамзаттын баалуулуктары, табияттын табигый кооздугунун сакталышы адамдардын аң-сезиминде эң жогорку маданияттуулуктун калыптануусунун натыйжасында гана болушу мүмкүн. Демек, адамдарда маданияттуулук калыптанган мезгилде гана адамдын өз жерине, табиятына, элине болгон патриоттуулук сезим ойгонот деп айтууга болот. Адамдын аң-сезиминде бул процесстер жүрүшү үчүн коомдун ар бир мүчөсү өзү менен кошо айланасындагы адамдарды да кошо тарбиялоо, б.а., айлана-чөйрөгө, табиятка, адамдарга, коомго зыян келтирбестен жаратмандык иш-аракеттерди жасоого үйрөнүү зарыл болууда.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында география предмети башка окуу предметтери эле сыяктуу географиялык билим берүү менен бирге дүйнөлүк дөөлөттөргө, айлана-чөйрөгө, коомго, адамдарга нарктуу мамиле жасоого тарбиялоо функциясын аткарат. Ошондуктан мектептеги 6-11-класстарга чейинки окутулуучу окуу программасында тарыхый-маданий жана табигый мурастар темасы каралган. Анын ичинен Кыргыз Республикасынын табигый мурастарын окуп-үйрөнүү негизги орунда турат.

География предметинин окуу программасына [5] ылайык, "Кыргыз Республикасынын география" курсунда төмөндөгү Өзгөчө коргоого алынган аймактар *Талас областындагы* "Беш-Таш" Улуттук жаратылыш паркы, Ж*алал-Абаддагы* коруктар "Беш-Арал", "Сары-Челек", "Падыш-Ата" жана "Саймалуу-Таш" Улуттук жаратылыш паркы, Чүй областындагы Мамлекеттик жаратылыш парктары "Ала-Арча" жана "Чон-Кемин", *Нарын областынын аймагындагы* "Каратал-Жапырык" коругу, "Салкын-Төр" Улуттук жаратылыш паркы жана "Нарын" коругу, Ы*сык-Көл областындагы* "Сарычат-Эрташ", "Ысык-Көл" *коруктары*, "Каракол" Улуттук жаратылыш паркы жана "Ысык-Көл"

биосфералык аймагы, Ош областындагы “Кара-Шоро” жана “Кыргыз-Ата” Улуттук парктарын окуп-үйрөнүү каралган. Кыргызстандын Кызыл китебине 26 сүт эмүүчүлөр, канаттуулардын 53 түрү, рептилий жана амфибиянын 10 түрү, балыктын 7, курт-кумурскалардын 10 жана өсүмдүк менен козу карындын 95 түрү киргизилген. Бул маалыматтар окуучулар үчүн аймагы анча чоң эмес Кыргыз Республикасы үчүн табияттын берген белеги катары түшүнүүгө болот.

Мектепте географияны окутууда республиканын табигый мурастарын окуп-үйрөнүү учурдун талабына ылайык билим берүү системасынын модернизациялоонун багыттарынын бири болгон маданий-компетенттүүлүк мамилеге үндөш болуу менен бирге негизги мазмундук элементтердин бири болуп эсептелет. Анткени географиялык билим берүүнүн мазмунунун маданий-компетенттүүлүк багыты төмөндөгү функцияларды аткарууга багытталган:

- улуттук жана дүйнөлүк маданияттар жөнүндөгү билимдер социомаданий, гуманисттик жана экологиялык принциптердин өңүтүндө берилишин көздөйт;
- билим берүүнүн инсандын өнүгүшүнө багытталышын (географиялык билим берүүнүн максаты жана натыйжасы катары), б.а., инсандын жекечилигинин, баалуулуктардын системасын, географиялык ой жүгүртүүсүн, анын чыгармачылык ишмердүүлүгүн, өзүн-өзү өнүктүрүүсүн өсүп-өнүгүшүнө.

Окуучулардын табигый мурастарга улуттук дөөлөттүү-нарктуу сапаттагы көз караштарын калыптандырууда география илимдеринин кандидаты, Москва педагогикалык мамлекттик университетинин доценти А.А.Лобжанидзе географиялык билим берүүнүн маданий-компетенттүлүк мамиленин негизинде төмөндөгү үч компоненттен турган моделди сунуштаган: *дөөлөттүк* – дөөлөттөрдүн тутумунан, *ишмердүүлүк* – иш-аракеттердин тутумунан, *чыгармачылык* – чыгармачыл ишмердүүлүктөрдүн тутумунан [6]. Бул моделде табияттын мурастары адамзаттын дөөлөттөрүнүн тутумуна кирип, географиялык билим берүү менен бирге географиялык маданиятты калыптандыруу аркылуу окуу процессинде окуучунун чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн негизинде ишке ашыруу зарылдыгы белгиленген.

Демек, жогорудагы моделге ылайык окуу процессинде Кыргыз Республикасынын табигый мурастарынын тутумун аныктап алуу болгондуктан, география предметинин окуу программасына ылайык алардын тутуму төмөндөгүлөр болушу мүмкүн:

- республиканын табияты жана анын компоненттери: суусу, рельефи, климаты, топурагы, флора жана фаунасы;
- Өзгөчө коргоого алынган аймактар: коруктар, заказниктер, Улуттук парктар, биосфералык аймактар.

Жогорудагы белгиленген табигый мурастардын тутумун окутууда, өзгөчө, “Улуттук жаратылыш паркы”, “корук”, “биосфералык аймак”, “Кызыл китеп” деген түшүнүктөрдүн мазмунун, айырмасын, өзгөчөлүктөрүн республиканын табияты жөнүндөгү билимдер, көндүмдөр менен бирге талкуулап, тактап алуубуз керек. Мисалы, **Улуттук жаратылыш парк** – табияттын кайталангыс объектилери жана ландшафттары корголуучу аймак. **Кызыл китеп** – бүткүл дүйнөдөгү сейрек, жоголуп бараткан жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн таралуусу, саны, биологиясы жана аларды коргоо чаралары жөнүндө кыскача маалыматтарды камтыган Мамлекеттик документ. Коруктар – бул ар кандай чарбалык багыттагы ишмердүүлүккө (балык кармоо, дары чөптөрдү чогултуу ж.б.) тыюу салынган жаратылышты коргоонун салттуу формасы. Коруктарды уюштуруунун негизги максаты элге экологиялык билим берүү болуп эсептелет. Заказник – бардык же айрым айбанаттары жана өсүмдүгү корулма аймак. Заказниктер убактылуу жана туруктуу болушу мүмкүн. Анткени ар бир түшүнүк аркылуу Өзгөчө коргоого алынуучу аймактардын табиятынын өзгөчөлүгүнө жараша статусу жана ага жараша коргоого, сактоого багытталган иш-аракеттердин мүнөзү аныкталат. Андан кийин экинчи этапта төмөндөгү мисал катары

сунушталган таблицаны (таблица 1) пайдаланып, ар бир коргоого алынган аймактын өзгөчөлүгүн окуп-үйрөнүүгө болот.

Таблица 1

| № | Өзгөчө коргоого алынган жайлар | Уникалдуу өзгөчөлүгү | Функциясы |
|---|---|---|---|
| 1. | Ала-Арча Улуттук паркы | Ала-Арча капчыгайынын уникалдуу ландшафты, аска-зоолору, ар түрдүү флора жана фаунасы, ден соолукка жагымдуу климаты, күн нурунун көп тийиши ж.б. | Парк 1974-жылы Ала-Арча суу-сунун айланасындагы уникалдуу табиятын коргоо жана сактоо максатында түзүлгөн. Узундугу 15 км, бийиктиги деңиз деңгээлинен 1500 м ден 2240 м ге чейин жетет. |
| 2 | Чон-Кемин Улуттук паркы | Өрөөн ар түрдүү 630 өсүмдүктүн түрү, анын ичинен 6 түрү Кыргызстандын Кызыл китебине кирген (Грейг, Колпаков, Островский, Тянь-Шань сибири ж.б.). Жаныбарлардан Кызыл китепке 4000 миңден ашык курт-кумурскалардын жана рептилий амфибиялардын, 46 жырткычтардын, 96 канаттуулардын, балыктын 9 түрү кирген ж.б. | Парк 1997-жылы Чоң-Кемин дарыясынын өрөөнүндө уникалдуу ландшафтын жана биогеоценозун коргоо жана сактоо максатында түзүлгөн. |

Окуучулар менен жогорудагы белгиленген эки этапты өткөндөн кийин окууучулардын өз алдынча иштөөгө багытталган ар түрдүү практикалык иштерди, өзүнүн жашаган жеринин табиятына окуу экскурсияларын уюштуруу, ар кандай маалыматтардын негизинде видео-фильмдерди, экологиялык долбоорлорду, флешмобдорду, докладдарды, презентацияларды даярдоо ж.б. өткөрүү окуучулардын маданий-географиялык компетенттүүлүгүнүн негизги компоненти болгон өз жеринин табиятынын сулуулугун баалоо көндүмдөрү аркылуу ага болгон мекенчилдик сезимдери өсөт. Бул окуу иштерин уюштуруунун тематикалары төмөндөгүдөй аталышта болушу мүмкүн: “Кыргыз жеринин уникалдуу табигый жерлери”, “Ысык-Көл - Кыргызстандын бермети”, “Сары-Челек көлүнүн  кереметинин сырлары”, “Тоолордун сырлары – анын кереметинде” ж.б. Бул тематикалардагы окуу иштерин аткарууда предмет аралык байланыштар (физика, химия, биология, тарых, адабият) аркылуу ар түрдүү маалыматтарды (тарыхый маалымдамалар, ырлар, сүрөттөр, картиналар, схемалар) пайдалануу аркылуу Кыргыз жеринин табигый мурастарынын мазмунун кенен жана терең окуп-үйрөнүү менен бирге ага нарктуу-эмоционалдуу мамиле кылууга шарт түзүлөт.

**Адабияттар:**

1. Байгазиев С.О. Азыркы шарттардагы таалим-тарбиянын максаты жана мазмуну жөнүндө / КББА Кабарлары, №1, 2008. -Б., 48-55.
2. Ожегов С.И., Шведова Н.Ю. Толковый словарь русского языка. -М., 2000.
3. Кулешова М.Е. Наследие и природно-культурный каркас территорий /Известия Самарского научного центра Российской академии наук. Т.9. №1, 2007. -Б., 7-13.
4. Жалпы билим берүү уюмдары үчүн программа. География. -Б., 2012.
5. Шүкүров Э. Ж. Жаратылыш. Маданият. Адам. -Б., 2013.
6. Жалпы билим берүү уюмдарынын программасы. География. 6-11 класстар /Түзүүчүлөр: Джунушалиева К.К., Ниязов Т.З. ж.б. -Бишкек, 2012.